ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

«Айыл Банк» ААКсынын Башкармасынын
2020-жылдын 17-мартындагы N18/4
токтому менен бекитилген.

**«АЙЫЛ БАНК» АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУ**
**«АЙЫЛ БАНК» ОТКРЫТОЕ АКЦИОНЕРНОЕ ОБЩЕСТВО**
**THE OPEN JOINT-STOCK COMPANY «AIYL BANK»**

# «Айыл Банк» ААКсынын эл аралык төлөм карттары боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо эрежелери

## Мазмуну:


**1-ГЛАВА ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР ....................1**
**2-ГЛАВА ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР ....................2**
**3-ГЛАВА КАРТ ЭСЕБИН АЧУУ, ТӨЛӨМ КАРТЫН БЕРҮҮ ЖАНА САКТОО ТАРТИБИ**
**4-ГЛАВА ТӨЛӨМ КАРТЫН КОЛДОНУУ ТАРТИБИ ....................4**
**5-ГЛАВА ТӨЛӨМ КАРТЫН КОЛДОНУУ МЕНЕН ИНТЕРНЕТ АРКЫЛУУ ТӨЛӨӨ 5**
**6-ГЛАВА ТӨЛӨМ КАРТЫНА БӨГӨТ КОЮУ....................6**
**7-ГЛАВА ТӨЛӨМ КАРТЫНЫН БАНКОМАТТА КАРМАЛЫП КАЛЫШЫ ....................7**
**8-ГЛАВА ТӨЛӨМ КАРТЫ БОЮНЧА КӨЧҮРМӨ АЛУУ....................7**
**9-ГЛАВА КАРТТЫН КОЛДОНУУ МӨӨНӨТҮ, КАРТТЫ КОЛДОНУУНУ ТОКТОТУУ, КАРТТЫ АЛМАШТЫРУУ**
**10-ГЛАВА БАНКТЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ....................7**
**11-ГЛАВА ТӨЛӨМ КАРТ ЭЭСИНИН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ....................10**
**12-ГЛАВА ТЕХНИКАЛЫК ОВЕРДРАФТ ....................11**
**13-ГЛАВА ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ....................12**
**14-ГЛАВА КОШУМЧА ШАРТТАР ....................13**
**15-ГЛАВА ТАЛАШ МАСЕЛЕЛЕРДИ ЖӨНГӨ САЛУУ ....................13**
**16-ГЛАВА КИНЕ КОЮУ ТАРТИБИ....................13**

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

# 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1. «Айыл Банк» ААКсынын эл аралык карттар аркылуу кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо эрежелеринде (мындан ары - эрежелер) MasterCard эл аралык төлөм картын (мындан ары – төлөм картын) чыгаруу, тейлөө, ошол карт аркылуу операциялар ишке ашырылуучу банктык эсептерди ачуу жана жүргүзүү (мындан ары –карт эсеби) төлөм картына ээ болгон жеке адамдарды тейлөө шарттары, ошондой эле төлөм карты аркылуу операцияларды жүргүзүү тартиби аныкталат.
2. Эрежелер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына, төлөм системасынын эрежелерине жана нускоочу документтерине ылайык иштелип чыккан.
3. Эрежелер төлөм картына ээ болгондордун бардыгы үчүн бирдей болуп саналат жана Банк менен жеке адам ортосунда эл аралык төлөм картын чыгаруу шартына ылайык карт-эсебин ачуу келишиминин (мындан ары –келишим) жоболорун жана шарттарын аныктайт.
4. Келишим, жеке адамдарын Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 378-беренесине ылайык, ушул эрежеге кошулуусу аркылуу түзүлөт. Жеке адамдын бекитилген формада төлөм картын алууга билдирме-анкетаны толтуруп, Банкка сунуштоосу келишим түзүү максатынан болуп саналат.
5. Төлөм карт ээси ушул келишимге кошулуу аркылуу анда каралган бардык милдеттенмелерди өзүнө алат.
6. Карт эсеби: кыргыз сомунда, АКШ долларында жана евродо ачылышы жана жүргүзүлүшү мүмкүн.
7. Банк, төлөм карт ээси келишим колдонулган мезгил ичинде чыгымдашы (колдонушу) мүмкүн болгон акча каражатынын минималдуу өлчөмүн (азайтылбаган калдык) белгилөөгө укуктуу. Азайтылбаган калдык өлчөмү банктын тарифинде каралат.
8. Эрежелер жана тарифтер менен Банктын www.ab.kg дареги боюнча расмий сайтынан, карт ээлерин тейлөөгө алган бөлүмдөрдө көрүнүктүү жерлерлерде жайгаштырылган маалымат такталарынан тааныышууга болот.
9. Тараптар, төлөм системалары жана Процессинг борбору арылуу ишке ашырылган операциялар боюнча Банкка келип түшкөн документтер, кардардын төлөм карты аркылуу ишке ашырган операцияларын тастыктаган расмий документтер болуп санала тургандыгына макулдашышты.
10. Төлөм карты аркылуу операцияларды ишке ашыруу боюнча сунушталган кызмат көрсөтүүлөр үчүн комиссиялык төлөм, Банктын ошол учурда колдонулуп жактан тарифтери боюнча кармалат.
11. Эрежелерге кошулган төлөм карт ээси анын Банк алдындагы кандай болбосун карыз ордун жабуу эсебинен “Айыл Банк” ААКсында ачылган анын кайсыл болбосун карт эсебинен тиешелүү акча каражатын акцептсиз тартипте кармап калууга Банкка ыйгарым укук чегерет.
12. Карт эсебине келип түшкөн акча каражаты Банк тарабынан төмөнкү кезектүүлүккө жараша ошол күнгө карата орун алып турган карыздын жалпы суммасынын жабууга багытталат:
   - төлөм карт ээси карызды өз учурунда төлөбөгөндүгү үчүн туумдар (Банктын комиссиялык төлөмү, ушул эрежелердин талабына ылайык, азайтылбаган калдык суммасын толуктоо, төлөм карты аркылуу ишке ашырылган операциялар суммасын калыбына келтирип толуктоо, ошондой эле, карт ээсинин Банк алдындагы башка карыздарынын ордун жабуу);
   - техникалык овердрафт;

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

- карт ээси ушул эрежелердин талаптарын бузууга жол берүү менен картты үчүнчү жак[illegible] берип, ПИН-кодду билдирип койгон болсо;
- жүргүзүлгөн операциялар, анын ичинде төлөм картын же анын аналогун же болбосо реквизиттерин колдонуу менен үчүнчү жак тарабынан ишке ашырылган операциялар үчүн;
- карт ээсинин Банк алдындагы башка милдеттенмелери.
- карыздарды төлөө кезеги Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, Банктын ички документтеринде каралган учурларда Банк тарабынан бир тараптуу негизде, ошондой эле зарылчылык келип чыккан шартта, тараптардын кат жүзүндө өз ара макулдашуусу боюнча өзгөртүлүшү мүмкүн.

13. Карт ээси төлөм карты аркылуу карт эсеби ачылган валютадан башка валютада операцияларды ишке ашырган шартта, Банк операция суммасын коммерциялык курс боюнча дароо конвертациялайт. Мында, оперция жүргүзүү учурундагы курс Банк системасында аны иштеп чыгуу учурундагы курстан айрымаланышы, ошондон улам төлөм картындагы калдык, ошол өлчөмгө азайтылган сумма менен операцияны иштеп чыгуу учурунда карт эсебинен кармалып калган айкын сумма ортосунда айрыманын келип чыгышын шартташы мүмкүн. Курстук айрым келип чыкса, ал Банктын системасында операциялар иштелип чыгып жаткан учурда карт эсебинен алынып салынат/чегерилет. Карт эсебинен акча каражаттарын эсептеп алып коюу карт операциясы ишке ашырылгандан (авторизациялангандан) кийинки 2-30 күн ичинде Банктын карт эсебинен акча каражаты алынып коюлган күнү колдонулуп жаткан коммерциялык курс боюнча жүргүзүлөт. Ушундан улам, операцияны ишке ашыруу (авторизациялоо) учурунда операция суммасы карт эсебинде карыздын келип чыгышына жол бербөө үчүн авторизациялоо суммасынан 5 (беш) пайыз өлчөмүндөгү корректировкалоочу коэффициентке дароо көбөйтүлөт. Корректировкалоочу коэффициент банкоматта, кассада же интернет сайтта чагылдырылган операция суммасы менен валютаны конвертирлөө учурунда карт эсебинен айкын кармалып калган сумма ортосундагы айрымадан улам келип чыккан. Корректировкалоочу коэффициенттин айрымасы кардардын карт эсебинен акча каражаты алынып коюлгандан кийин кайтарылып берилет.
14. Эрежелер Банк Башкармасы тарабынан бекитилет. Иш натыйжалуулугун арттыруу максатында жана зарылчылык келип чыккан шартта эрежелерге тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн. Эрежелерге сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор да Банк Башкармасынын токтому менен бекитилүүгө тийиш.

## 2-ГЛАВА. ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

15. **Авторизациялоо** – банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануучунун тейлөө түйүнүндө транзакцияларды ишке ашыруусун текшерүү жана анын укугун тастыктоо, ал эми кардардын операциясына (мисалы, сатып алуу-сатуу актысын түзүүгө, нак акча алууга, ресурстардан жана кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдаланууга) уруксат берүү же ага тыюу салуу анын натыйжасынан болуп саналат.
16. **Авторизациялоо лимити** – төлөм карт ээсине карт аркылуу операцияларды ишке ашыруусу үчүн жетиштүү болгон акча каражатынын чектүү суммасы.
17. **Төлөм карт ээси (кардар)** – бул, Банк тарабынан анын атына төлөм карты чыгарылган жана Банк менен түзүлгөн келишимдин жана ушул эрежелердин шартына ылайык карт аркылуу операцяиларды жүзөгө ашырууга укугу бар кардар, жеке адам.
18. **Төлөм карты** – карт ээсине товарларды сатып алууга, кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдаланууга, терминалдардан жана башка банктык жабдуулардан улуттук валютада сыяктуу эле, чет өлкө валютасында нак акча каражатын алууга өбөлгө түзгөн, ошондой эле банктык эсептеги/карт эсебиндеги акча каражатын тескөөгө мүмкүндүк берген төлөм инструменти. Кардарга карт ушул эрежелерде камтылган шарттарга ылайык сунушталат.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

19. **Өтүнүч кат-Анкета** – төлөм картын алууга/кайра чыгарып берүүгө кардар кол ко сунуштаган өтүнүч кат.
20. **Карт эсеби** – Банк тарабынан Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана ушул эрежелерге ылайык, акча каражаттарынын жылышы жана төлөм карты боюнча транзакцияларды ишке ашыруу үчүн кардарга ачылган карт эсеби.
21. **Төлөм картына бөгөт коюу** –карт операцияларын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө бөгөт коюу же аны токтотуу үчүн Банк тарабынан көрүлгөн чара (картты колдонууну токтотуу учурунда системадан карт алынып коюлат (картты банкоматка салган учурда).
22. **Көчүрмө** – Банк тарабынан төлөм карт ээсинин талабы боюнча түзүлгөн жана анда ушул эрежелерде камтылган шарттары эске алуу менен карт ээсинин талабында көрсөтүлгөн мезгил аралыгында карт эсеби боюнча ишке ашырылган операциялар чагылдырылат.
23. **Код катары белгиленген сөз** –кардар тарабынан белгиленген, төлөм картын алуу өтүнүчүндө жана Кардардын Банкка сунуштаган башка документтеринде көрсөтүлгөн, тараптар кардарларды телефон аркылуу идентификациялоодо колдонгон тамгалар менен сандардын айкалышынан турган белги.
24. **ПИН--код** – автоматташтырылган режимде карт операцияларын жүргүзүүдө төлөм карт ээсин идентификациялоо үчүн кызмат кылган, 4 белгиден турган жеке персоналдык идентификациялык номер (купуя код).
25. **Пин-конверт** – жашыруун ПИН –код көрсөтүлгөн кагаз салынып чапталган, төлөм карт ээсинин колуна тапшырылуучу атайы конверт.
26. **POS-терминал** – төлөм карты аркылуу нак эмес төлөмдөрдү жүзөгө ашыруу үчүн каралган электрондук терминал.
27. **Операциялар реестри** – кардардын системада ишке ашырылган карт операцияларынын тизмеси. Операциялар реестринде жүзөгө ашырылган карт операцияларынын суммасы (сатып алуу, нак акча алуу, акча каражаттарын кайтарып берүү) карт эсеби валютасында чагылдырылат;
28. **Банкомат** – нак акча каражаттарын берүү жана/же кабыл алуу, картка акача каражаттары тууралуу маалыматты чагылдыруу, карт ээси тарабынан ишке ашырылган транзакциялар тууралуу маалыматтарды алуу, нак эмес төлөмдөрдү ишке ашыруу жана бардык транзакциялар түрү боюнча карт чектерин чыгарып берүү үчүн каралган аппараттык-программалык комплекс.
29. **Банк күнү** – ишенби, жекешемби жана Кыргыз Республикасында расмий жарыяланган майрам күндөрүнөн тышкаркы жумуш күндөрү.
30. **Төлөм картынын колдонуу мөөнөтү** – тейлөө пункттарында операцияларды жүргүзүү үчүн карт колдонулган мезгил аралыгы. Колдонуу мөөнөтү өтүп кеткен төлөм карты кардардын өзү Банкка өтүнүч менен кайрылган шарта гана кайрадан чыгарылып берилет.
31. **Төлөм системасы (мындан ары - система)** – ушул системанын ички эрежелерине ылайык MasterCard төлөм карттары аркылуу төлөмдөрдү ишке ашырууну камсыз кылган Incorporated эл аралык төлөм системасы. Бул, программалык-техникалык каражаттардын, документтердин жана уюштуруу-техникалык иш-чаралардын жыйындысынан турган MasterCard Incorporated эл аралык төлөм системасы. MasterCard Incorporated эл аралык төлөм системасы иш алып баруу эрежелерин белгилейт жана системага мүчө болгондор ортосунда валюталарды конвертирлөө аркылуу карт операциялары боюнча клирингдик эсептешүүлөрдү ишке ашырат.
32. **Процессинг борбору** – карт аркылуу ишке ашырылган транзакциялар боюнча маалыматарды топтоону, иштеп чыгууну жана аларды катышуучуларга жөнөтүүнү камсыз кылган, ошондой эле карт аркылуу эсептешүүлөр системасына катышкандар ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык, башка милдеттерди да аткарган юридикалык жак.
33. **Төлөм картынын реквизиттери** – төлөм картынын алдыңкы жана арткы бетинде жайгашкан, ошондой эле анын магниттик тилкесинде жана чибинде чагылдырылган белгилердин жана сандардын жыйындысы.
34. **МТС** – Эл аралык бейтарап соту.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

35. **Овердра́фт** (англ. overdraft — пландаштыргандан тышкары чыгымдоо) — кыска мөөнөткө сунушталуучу кредиттин формасы. Банк овердрафты сунуштоо менен кардарга эсебинде болгондон тышкары, Банк менен төлөм карт ээсинин ортосунда түзүлгөн келишимдерге аныкталган шарттарда жана белгиленген сумма чегинде төлөмдөрдү ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзөт.
36. **Техникалык Овердрафт –** кардардан көз каранды болбогон кандайдыр бир башка себептерден (мисалы, курстук айрымада, көп жолу процесстен өткөрүүдөн, картты жана эсепти тейлөө үчүн төлөмдөрдүн кармалып калышынан ж.б. себептерден) улам келип чыккан, уруксат **берилбеген овердрафт.**
37. **Банктын аралыкта орнотулган түйүндөрү** – терминалдар, банкоматтар, автоматташтырылган өз алдынча тейленген терминалдар жана банктык төлөм карттарын кабыл алуу жана тейлөө боюнча техникалык инфраструктураны түзгөн башка жабдуулар.
38. **Эквайер** – эквайрингди жүзөгө ашырууга уруксат алган коммерческий банк, аралыкта орнотулган, авторизациялоону ишке ашыруу же тиешелүү төлөм системаларынын технологияларына жана ченемдик актыларына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык өзүнүн аралыкта орнотулган жабдуулары аркылуу транзакцияларды өткөрүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган аралыкта орнотулган жабдуулар түйүнүнүн ээси.

## 3-ГЛАВА. КАРТ ЭСЕБИН АЧУУ, ТӨЛӨМ КАРТТАРЫН БЕРҮҮ ЖАНА САКТОО ТАРТИБИ

39. Кардар карт эсебин ачуу үчүн белгиленген форрмадагы өтүнүч катты-анкетаны толтуруп, Банктын кароосуна сунуштайт.
40. Банк картты берүү тууралуу өтүнүч катка кол коюуга жана тиешелүү келишимди түзүүгө чейин карт ээсин төмөнкү шарттар менен тааныштырууга тийиш:
    - келишим жана эрежелер шарттары;
    - картты коопсуз пайдалануу эрежелери;
    - сунушталган кызмат көрсөтүүлөр тарифтери;
    - ишке ашырылган ар бир транзакция боюнча маалымат алуу, кардар эсенбинен санкциясыз пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө бөгөт коюу ыкмалары менен;
    - жумуш эмес күндөрү жана дем алыш күндөрү (майрам күндөрү) карт ээсинин Банк менен байланышуусу үчүн байланыш маалыматтары менен;
    - - ж.б. маалыматтар менен.
41. Банк өтүнүч каттын-анкетанын негизинде кардардын атына карт эсебин ачып, бекитилген тарифге ылайык анда азайтылбаган калдыкты (зарылчылыкка жараша) жайгаштыруу менен карт ээсинин атынан төлөм картын чыгарат.
42. Карт Банктын менчиги болуп саналат. Карт ээси карттын жана ПИН-коддун ушул эрежелеридин талаптарына ылайык колдонулушу, коопсуз librarian сакталышы үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналат.
43. Банк даярдалган төлөм картын кардарга же ишеним каттын негизинде анын атынан иш алып барган ишенимдүү адамдын колуна тапшырат. Төлөм картын алууда кардардын өзү карттын арткы бетиндеги атайы каралган тилкеге кол коюуга тийиш.
44. Төлөм картын башка бирөөнүн алышына же күрөө катары сунушталышына тыюу салынат. Ыйгарым укуксуз адам тарабынан төлөөгө сунушталган төлөм карты алынып коюулууга тийиш.
45. Төлөм картынын жараксыз болуп калышына, электромагниттик тилкесине доо кетишине, ар кандай механикалык таасирлерге дуушарланыышына (чийилип, булганып же ийилип, ийрейип калышына) ошондой эле, ал аркылуу операцияларды ишке ашыруунун мүмкүн эместигин шарттап, магниттик тилкенин, чиптин жараксыз болуп калышына алып келген

жагдайларга жол бербөө зарыл. Төлөм картына этият мамиле кылып, анын талаптагыдай сакталышын жана күтүлүшүн камсыз кылуу талап кылынат.

46. Автоматташтырылган режимде ишке ашырылган жана ПИН-кодду чагылдыруу менен тастыкталган карт операциялары төлөм карт ээси тарабынан ишке ашырылган катары эсептелинет.

47. Карт ээсине төлөм карты берилгенден кийин ага ПИН-код көрсөтүлгөн кагаз салынган конверт, чапталган түрүндө тапшырылат. Конвертти дароо ачып ичинде жазылгын ПИН-кодду эстеп калып, конвертти дароо жок кылуу талап кылынат. Банк кызматкерлери үчүн да ПИН-код белгисиз, аны карт ээси төлөм картын колдонгон бүтүндөй мезгил ичинде купуя сактоого тийиш.

48. **ПИН-коддун купуя сакталышы үчүн төмөндө белгиленген эрежелерди так сактоо талап кылынат:**

- эгерде ПИН-кодду карт ээси кайсыл бир жерге жазып койгон болсо, ал төлөм картынан өзүнчө сакталууга тийиш;
- сандар айкалышынан турган ПИН-кодду электрондук клавиатурада жат бирөө көрбөгөндөй шартта терүү талап кылынат;
- карт бетинде ПИН-кодду жазып коюуга да жол берилбейт. Бетине ПИН-код жазылган төлөм карттары боюнча кине коюулар кароого алынбайт.

49. **Кардар/карт ээси карт номерин/ПИН-кодду ачыкка чыгарып коюушу натыйжасында ишке ашырылган операциялар үчүн Банк жооп бербейт.**

50. Электрондук жабдуу дисплейинде сандардын айкалышынан турган ПИН-кодду терүүдө, алар чагылып көрүнбөй, сандарды шарттуу белгилер алмаштырат. Эң башкысы, сандарды алмаштырып алуу зарыл. Эгерде үч жолу катары менен (бир же ар башка электрондук жабдууда кандай болбосун убакыт аралыгында) ПИН-код туура эмес терилген болсо, төртүнчү жолу да ага жол берилсе, Банк картка дароо бөгөт коет жана ал банкоматта кармалып калат. Андан ары соода-тейлөө ишканасы же нак акча берүү пункттары орун алган жагдай толук териштирилип бүткөнгө чейин картты алып коюшу мүмкүн.

## 4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ КАРТЫН КОЛДОНУУ

51. Банк выдает, ал эми төлөм карт ээси системанын фирмалык логотиби көрсөтүлгөн кайсыл болбосун жабдуулардан карт аркылуу операцияларды жүзөгө ашыруу үчүн картты колдонот.

52. Банк төлөм картынын тейлөөгө алынышын, өзү контролдогон системалардын жана электрондук жабдуулардын үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыз кылат жана Банктан көз каранды болбогон жагдайдан улам, алар иштебей токтоп калган шартта, тейлөө ишинин калыбына келтирүү үчүн мүмүкн болгон бардык чараларды көрөт.

53. Төлөм картын тейлөөгө алган бардык соода-тейлөө ишканалары жана нак акча берген пункттар карт боюнча тейлөө ишке ашырылаары тууралуу карт ээлерине жеткиликтүү маалым болушу үчүн MasterCard Incorporated эл аралык төлөм системасынын логотиби көрсөтүлгөн багыттагычтарды көрүнүктүү жерлерге жайгаштырууга тийиш. Карт операциясын жүзөгө ашыруу үчүн карт ээси картты соода-тейлөө ишканасынын же нак акча берген пункттун кассирине сунуштайт же өз алдынча тейленген банкомат аркылуу карт операциясын ишке ашырат.

54. Кассир картты кабыл алып, ал аркылуу операцияны авторизациялоо үчүн Авторизациялоо борборуна талап жөнөтөт. Авторизациялоо электрондук терминалдын жардамы менен ишке ашырылат. Кассир картты терминалдын жазылгандарды чечмелөөчү жабдуусуна салып, операция суммасын терүү менен төлөм карт ээсине атайы клавиатурада ПИН-кодду чагылдыруу аркылуу аны тастыктоону өтүнөт. Жөнөтүлгөн талап байланыш каналдары аркылуу Банкка келип түшөт. ПИН-код туура терилип, карт ээсинин эсебинде жетиштүү акча каражаты болгон шартта, операция ийгиликтүү ишке ашырылгандыгын

тастыктаган эки нускада чек кагазга чыгарылып берилет. Кассир чектин бир нускасын карт ээсине тапшырат. Карт ээси чекте көрсөтүлгөн маалыматтардын тууралыгын текшерүүгө тийиш. Колдонулган технологияга жараша кагазга чыгарылган чекке карт ээсинин жана кассирдин кол тамгалары коюулуп, күбөлөндүрүлүшү зарыл. Кассир кардардан анын ким экендигин тастыктаган документти талап кылууга жана документи жанында жок болсо, карт операциясын ишке ашыруудан баш тартууга укуктуу.

55. Банкомат аркылуу нак акча алуу төлөм карт ээси тарабынан өз алдынча ишке ашырылат. Карт операциясын ишке ашырып, банкаматтан тиешелүү сумманы алгандан кийин, чек чыгарылып берилет. Төлөм карт ээсине тиешелүү маалыматтардын купуя сакталышы үчүн чыгарылган чекти банкомат жанында калтырбастан, кошо ала кетүү талап кылынат.

56. Банкомат менен иш алып барууда операция ишке ашырылгандан кийин кайтарылып берилген карт жана чыгарылып берилген акча купюралары 20-40 секунд аралыгында карт ээси тарабынан алынбаса, акча каражатынын сакталышы максатында карт же банкноттор, банкомат тарабынан артка тартылып алынып, анын ичиндеги өзүнчө бөлүктө сакталып калат. Мындай учурда ошол банкоматты тейлеген системага катышуучу банк тарабынан (мындан ары – жергиликтүү банк) карттын кармалып калуу себептери териштирилип, Банк менен консультация жүргүзүлгөн дөн кийин гана ал ээсине кайтарылып берилет. Ал эми төлөм карт ээсинин эсебинен авторизациялоо фактысы боюнча алынып жаткан операция суммасы (же анын кармалып калган бөлүгү) банкоматты кайра инкассациялоо жана банкоматта кармалып калбаган нак акча суммасын тактоо аркылуу толукталып берилиши мүмкүн. Төлөм карт ээси ошол банкоматты тейлеген жергиликтүү банк менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө аны колдоосу үчүн Банкка кайрылууга укуктуу.

57. Карт Банк жабдууларында кармалып калган шартта, ал Банк тарабынан териштирүү иши жүргүзүлгөндөн кийин, бирок карт ээси картты кайтарып алууга байланыштуу өтүнүч кат менен кайрылгандан кийинки 10 (он) банк күнүнөн кечиктирилбестен кайтарылып берилүүгү тийиш.

## 5-ГЛАВА. ТӨЛӨМ КАРТЫ БОЮНЧА ИНТЕРНЕТ АРКЫЛУУ ТӨЛӨӨ

58. Интернет түйүнү аркылуу эсептешүүдө кардар өз төлөм картынын реквизиттерин маалымдаган сатуучу фирмага өз алдынча (канчадан бери иштеп жаткандыгын, ишкердик аброюн, почта дарегин ж.б. тактоо аркылуу) баа берүү аркылуу тандайт.

59. Эгерде карт ээси картты колдонуу менен Интернет аркылуу сатылып алынган товралар/сунушталган кызмат көсрөтүүлөр үчүн төлөөгө ниеттенген болсо, ал ушул аркылуу төмөнкүлөргө толук жана шартсыз макулдугун билдирип, аны тастыктайт:

- карт эсеби операция суммасына жана Банк жана/же товар сатуучу/кызмат көрсөтүүнү сунуштоочу жана /же төлөм системасы жана/же сатуучунун банкы тарабынан карт ээсинин картты (карт номерин, анын колдонуу мөөнөтүн, CVV2 /CVC2 ж.б. реквизитьериен таянуу менен) колдонуу менен интернет аркылуу ишке ашырылган операцияларына карата колдонулган комиссиялык төлөм суммасына дебеттелерин.
- операциялар ал тарабынан эмес, интернет аркылуу төлөмдөрдү ишке ашырууда, карттын талаптагыдай сакталышы эрежелеринин бузууга жол берүү кесепетинен карт же карт ээсинин жеке өзүнө тиешелүү маалыматтардын кайсыл бир үчүнчү жакка маалым болуп калышынан улам, ошол жактар тарабынан карт ээсинин макулдугусуз эле, интернет аркылуу ишке ашырылган бардык төлөм операциялары үчүн толук жоопкерчилик карт ээсине жүктөлө тургандыгын.

60. Төлөм карт ээси ушул аркылуу төмөнкүлөргө байланыштуу келип чыгышы ыктымал болгон бардык тобокелдиктер үчүн жоопкерчиликти өзүнө алат:

- карт боюнча интернет аркылуу төлөмдөрдү ишке ашырууда тиешелүү маалыматтардын жана/же карт ээсинин жеке өзүнө таандык маалыматтардын үчүнчү жакка маалым болуп калышына.

- картка же карт ээсине тиешелүү маалыматтар ага маалым болгон үчүнчү жак тарабынан ошол маалыматтарды колдонуу менен интернет аркылуу төлөмдөрдүн ишке ашырылышына байланыштуу тобокелдиктерди.

61. Төлөм карт ээси үчүнчү жак тарабынан банкомат, соода-тейлөө ишканалары, интернет аркылуу карт жана карт ээсинин жеке өзүнө тиешелүү маалыматтарды колдонуу менен үчүнчү жак тарабынан төлөмдөрдүн ишке ашырылышы кесепетинен келип чыккан бардык жоготууларды, чыгым тартууларды жана зыяндарды өз мойнун алат. Карт ээси ушул аркылуу карт боюнча маалыматтарды жана анын жеке өзүнө тиешелүү маалыматтарды колдонуу менен банкомат, соода-тейлөө ишканалары, интернет аркылуу төлөмдөрдү ишке ашыруу үчүн ага техникалык мүмкүнчүлүктөрдү берүү демилгечисинен болгондугун, ошондой эле Банкты ушуга байланыштуу бардык жоопкерчиликтен бошото тургандыгын тааныйт жана тастыктайт. Ал эми Банк төлөм карт ээси сыяктуу эле, ал ыйгарым укукту чегерген же чегербеген башка бир үчүнчү жак тарабынан банкомат, соода-тейлөө ишканалары жана интернет аркылуу төлөмдөрдү ишке ашыруудан улам келип чыгышы ыктымал болгон кандай болбосун кесепеттер үчүн жооп бербейт.
62. Товар сатып алууда/кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу алдында алардын сунуштоо, кайтарып берүү жана жеткирип берүү шарттары менен веб-сайттын башкы бетиндеги шилтемелерден кылдат таанышып чыгуу талап кылынат.
63. Веб-сайтта жайгашытырылган келип чыгышы мүмкүн болгон бардык тобокелдиктер менен да кылдат таанышып чыгуу талап кылынат.
64. Карт боюнча маалыматтарды сатып алгандар үчүн төлөө учурунда гана билдирүү зарыл. Карт боюнча маалыматтарды үчүнчү жакка электрондук почта аркылуу жөнөтүүгө жол берилбейт.
65. Кардар/төлөм карт ээси тарабынан интернет-ресурстардан пайдаланууда купуялуулукту камтыган маалыматтардын жок болуп кетиши, өчүрүлүп калышы үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт.
66. Банк алдамчылыкка жол берген сайттар аркылуу ишке ашырылган транзакциялар үчүн да жооп бербейт.
67. Чет өлкөгө сапарга чыгуу учурунда карт колдонулган болсо, кайтып келгенден кийин карт маалыматтарынан санкциясыз колдонуу мүмкүнчүлүгүнө жол бербөө үчүн картты жаңы номерде, жаңы ПИН-коду менен кайрадан чыгартып алуу зарыл.
68. Кардар анын атына чыгарылган карт эсеби боюнча ишке ашырылган бардык интернет-операциялар үчүн толук жоопкерчилктүү болуп саналат.

## 6-ГЛАВА. ТӨЛӨМ КАРТЫНА БӨГӨТ КОЮУ

69. Төлөм карты жоголуп калган же аны уурдатып жиберген учурда “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАКтын Call-борборуна (0312 66-43-25, 0312 66-50-83) же «Айыл Банк» ААКсына ага бөгөт койдуруу максатында дароо маалымдоо талап кылынат. Талапта төлөм карт ээсинин толук аты-жөнү, карт номери жана аны колдонуу мөөнөтү, ошондой эле бөгөт койдуруу себептери так көрсөтүлүшү зарыл. «Айыл Банк» ААКсынын дареги: Бишкек ш, Я.Логвиненко атындагы көчө 14, тел. (312) 31-04-07, (312) 31-05-12.
70. Картка бөгөт койдуруу боюнча оозеки түрүндө кайрылуу код катары белгиленген сөздү көрсөтүү жана карт ээси тарабынан Банктын тиешелүү филиалына билдирүү жөнөтүлгөндөн кийинки эки күн ичинде кат жүзүндөгү өтүнүч менен тастыкталууга тийиш. Эгерде карт ээси чет мамлекетте жүргөн болсо же кандайдыр бир башка себептерден улам белгиленген мөөнөттө Банкка келе албаган шартта, чет мамлекеттен келгенден кийин же убакыт болуп калган учурда картка бөгөт коюу өтүнүчүнүн кат жүзүндөгү тастыктамасын алып келип бериши зарыл.
71. Ар кандай талаш маселелерге талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү максатында Банкка телефон аркылуу кайрылуулардын бардыгы атайы жабдууларда жаздырылат.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

72. Банк тарабынан код катары белгиленген сөздү көрсөтүү менен төлөм картына бөгөт коюлгандыгы фактысы аныкталган шартта, андан улам келип чыккан кине коюуларды Банк кабыл албайт.
73. Төлөм карт ээсинин кошумча жолдогон кат жүзүндөгү өтүнүчүнүн негизинде картка бөгөт коюлгандан кийин карт эсеби боюнча жаңы номер жана ПИН-код ыйгарылган жаңы карт чыгарылып берилет.
74. Мурда жоголуп кеткен карт табылган шартта төлөм карт ээси ал тууралуу дароо Банкка билдирип, андан соң картты Банкка кайтарып берүүгө тийиш. Табылган карт кайтарылып берилбеген шартта, карт ээси ага байланыштуу келип чыгышы ыктымал болгон бардык тобокелдикти өзүнө алуу менен Банкка келтирилген бардык чыгым ордун толуктап бериши зарыл.
75. Карт ээси картка бөгөт коюлгандан кийин да карттын талаптагыдай сакталышын камсыз кылбай, ПИН-коддун купуялуулугун сактабаган, ошондой эле атайлап кандайдыр бир укукка жатпаган аракеттерге жол берген болсо, Банк төлөм карт ээси үчүн жоопкерчилик чарасын аныктоого укуктуу.
76. Банк бөгөт коюлган карттан санкциясыз пайдалануу ыктымалдыгына жол бербөө максатында, карт реквизиттерин бардык тейлөө пункттарына жөнөтүүгө укуктуу.

## 7-ГЛАВА 7 ТӨЛӨМ КАРТЫНЫН КАРМАЛЫП КАЛЫШЫ

77. Төлөм карты төмөнкү учурларда соода-тейлөө ишканасында же нак акча алуу пункттарына кармалып калышы мүмкүн:
- картка бөгөт коюлган учурда;
- картты төлөөгө сунуштаган адам анын ээси эмес болгон болсо;
- төлөм карт ээси картты операция ишке ашырылган жерге унутуп кеткен болсо.

78. Карт банкоматта кармалып калышы, кассир же нак акча берүү пункту, ошондой эле Банк кызматкерлери тарабынан алынып коюлушу мүмкүн жана бул учурда карттын алынып коюлгандыгы боюнча тиешелүү акт түзүлүшү зарыл (карттын банкоматта кармалып калышы учурун эске албаганда).
79. Кармалып калган төлөм карты тиешелүү чечим кабыл алынгандан кийин же болбосо ошол карт Банкка жеткирилип берилген шартта, карт ээсинин кат жүзүндөгү өтүнүчү боюнча түздөн-түз анын өзүнө кайтарылып берилүүгө тийиш.

## 8-ГЛАВА. ТӨЛӨМ КАРТЫ БОЮНЧА КӨЧҮРМӨ АЛУУ

80. Төлөм карт ээси көчүрмөлөрдү:
- түздөн-түз Банктын операциялык бөлүмүнүн кызматкерлеринен;
- банкомат аркылуу ала алат. Көчүрмөлөрдө ишке ашырылган акыркы 10 операция боюнча маалыматтар чагылдырылат.

## 9-ГЛАВА. ТӨЛӨМ КАРТЫН КОЛДОНУУ МӨӨНӨТҮ, КАРТТЫ ПАЙДАЛАНУУНУ ТОКТОТУУ, КАРТТЫ АЛМАШТЫРУУ

81. Карт бетинде анын колдонуу мөөнөтү бүткөн мезгили ( айы, жылы) көрсөтүлөт. Карт анда көрсөтүлгөн айдын акыркы күнүнө чейин анык болуп саналат. Мөөнөтү өтүп кеткен картка бөгөт коюлуп, Банкка тапшырылууга тийиш.
82. Карт ээси картты колдонуудан баш тарткан учруда тиешелүү кат жүзүндөгү өтүнүчтү толтуруп, картты Банкка алып барып тапшырышы зарыл.
83. Карт колдонуу мөөнөтү бүткөн учурда, жараксыз болуп калган шартта же ПИН-коду купуя сакталбаган учурда алмаштырылууга, ал эми эски карт Банкка тапшырылууга тийиш.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

84. Карттын колдонуу мөөнөтүп бүтүп калган болсо да карт ээси аны андан ары колдонууга ниеттенген болсо, колдонуу мөөнөтү бүткөнгө чейинки 10 (он) банк күнүнөн кечиктирбестен, ал картты кайра чыгартып берүү өтүнүчү менен кайрылууга тийиш.

## 10-ГЛАВА. БАНКТЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

85. **Банк төмөнкүлөргө укуктуу:**

85.1. Карт эсеби боюнча пайыздык ченди жана Банк тарабынан сунушталып жаткан кызмат көрсөтүүлөр наркын бир тараптуу негизде өзгөртүүгө. Бул үчүн Банк тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор күчүнө киргенге чейинки кеминде 10 (он) банк күнү мурда Банктын маалымат тактасына жана/же www.ab.kg. дареги боюнча расмий сайтына тиешелүү маалыматты жарыялоосу зарыл.

85.2. Банктын маалымат тактасына жана www.ab.kg дареги боюнча корпоративдик сайтына тиешелүү маалыматты каралып жаткан жаңы шарттар күчүнө киргенге чейинки кеминде 10 (он) банк күнү мурда жарыялоо аркылуу, бул эрежелерге да өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө.

85.3. Төлөм карт ээси эрежелердин 88.17-пунктунда каралган маалыматтар талап кылынган мөөнөттө кардар тарабынан берилбеген болсо, ошондой эле карт ээси ушул эрежелердин талаптарын, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын жана төлөм карт эсебин ачуу жана төлөм картын чыгаруу келишимдеринин жоболорун бузууга жол берген шартта, алдын ала ал тууралуу маалымдоосуз эле кардардын карт эсеби боюнча операцияларды токтотууга.

85.4. Карт операцияларын жүргүзүүдө ПИН-кодду туура эмес киргизүү фактысы аныкталган шартта, операциянын токтотулгандыгына тиешелүү кардардын кине коюусу кароого алынбайт.

85.5. Карт операциясы ишке ашырылгандан 30 (отуз) календардык күн өтүп кеткен болсо, ал боюнча кине коюулар да кабыл алынбайт.

85.6. Карт чыгарылгандан кийинки 3 (үч) ай ичинде кардар картты албаган болсо, карт жок кылынат.

85.7. Төлөм карт ээсинин карт эсебинен төмөнкү суммалар акцептсиз тартипте эсептеп алынып коюлат:

- операциялар реестринде көрсөтүлгөн карт операцияларынын суммасы;
- операцияны ишке ашыруу учурунда колдонулуп жаткан тарифтерге ылайык Банкка төлөнүүгө тиийиш болгон комиссиялык төлөм суммасы;
- төлөм карт ээсинин Банк алдындагы карыз суммасы (туумдарды кошо алганда);
- төлөм карт ээсинин карт эсебине жаңылыш чегерилип кеткен суммалар;
- карт эсеби боюнча чыгарылган карт аркылуу ишке ашырылган операциялар суммасы;
- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талабына ылайык иштелип чыккан документтердин негизинде өндүрүлүп алынган акча каражаттары;
- азайтылбаган калдык суммасын калыбына келтирүү максатына каралган акча каражаттары;
- жана ушул эрежелерде жана карт эсебин ачуу менен эл аралык төлөм картын чыгаруу боюнча келишимдерде каралган башка учурларда Банктын колдонуудагы тарифтерине ылайык кармалып калуучу башка төлөмдөр.

85.8. Төлөм карт ээсинин карт эсебинде карыз ордун жабууга акча каражаттары жетишсиз болуп, кардарга карыз келип чыккандыгы тууралуу билдирүү жөнөтүлгөндөн кийинки 5 (беш) банк күнү ичинде карыз төлөнбөгөн шартта, төмөнкү суммаларды кардардын “Айыл банк” ААКсында ачылган банктык эсептеринен акцепсиз тартипте кармап калууга:

- төлөм карт ээсинин Банк алдындагы карыз суммасын (туумдарды кошо алганда);

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

- төлөм карт ээсинин карт эсеби боюнча чыгарылган карт аркылуу ишке ашырылган операциялары боюнча акча каражаттарынын суммасы;
- азайтылбаган калдык суммасын калыбына келтирүү максатында каралган акча каражаты;
- ушул эрежелерде жана карт эсебин ачуу менен эл аралык төлөм картын чыгаруу боюнча келишимдерде каралган башка учурларда Банктын колдонуудагы тарифтерине ылайык кармалып калуучу башка төлөмдөрдү .

85.9. Эгерде карт эсебинде жол берилген овердрафт суммасын, ал боюнча пайыздарды жана белгиленген тарифтерге ылайык сыйакы суммасын кошо алганда, алардын ордун жабуу үчүн жетиштүү акча каражаты жок болсо, азайтылбаган калдык суммасынан ушул эрежелерден улам келип чыккан бардык чыгаша суммасын жана башка төлөмдөрдү акцептсиз тартипте эсептеп кармап калууга.

85.10. Төмөнкү учурларда картты жокко чыгаруу менен карт ээсинен 5 (беш) банк күнү ичинде картты кайтарып берүүнү талап кылууга:

- бир нече жолу техникалык овердрафтка жол берилген болсо. Мына, картка бөгөт коюуну шарттаган техникалык овердрафт суммасы, канча жолу ага жол берилгендиги ар бир айкын учурда Банк тарабынан өз алдынча аныкталат;
- карт ээси тарабынан чыгымдалган азайтылбаган калдык суммасы толукталбай калган учурда;
- карт ээси тарабынан келишим жана ушул эрежелер боюнча милдеттенмелер аткарылбай калган шартта;
- тараптардын бири келишимди токтото тургандыгы тууралуу билдирме жөнөткөн болсо;
- карт эсебине арест коюулуп же ал боюнча операцияларга бөгөт коюлган учурда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык карт эсебине башка милдетенмелер жүктөлгөн шартта.
- төлөм карт ээсинен картты жоготуп алгандыгы, уурдатып жибергендиги жана/же андан санкциясыз пайдаланууга жол берилгендигине байланыштуу ага бөгөт коюу ниетин билдирген оозэки же кат жүзүндө кайрылуу келип түшкөн шартта;
- жана ушул эрежелерде жана карт эсебин ачуу менен эл аралык картты чыгарууга тиешелүү келишимдерге каралган башка учурларда.

85.11. Төлөм карт ээси комиссиялык төлөмдү өз учурунда төлөбөй, эрежелердин талабына ылайык азайтылбаган калдык суммасын толуктабай, карт операцияларынын суммасын кайтарып бербей, ошондой эле Банк алдындагы башка карыздарды төлөбөй койгон шартта, төлөнбөй калган бүтүндөй мезгил үчүн Банктын тарифтеринде овердрафт боюнча белгиленген пайыздык чен өлчөмүндө туумдар чегерилет. Туум суммасы кардардын карт эсебинен ага алдын ала маалымдоосуз эле, карт эсебине же анын башка эсептерине акча каражаты түшөөрү менен ушул эрежелердин 85.9-пунктуна ылайык Банк тарабынан акцептсиз тартипте кармалып калууга тийиш.

85.12. Карт операцияларынын суммасынын орду толукталбаган, ошондой эле Банк алдындагы башка карыздар төлөнбөй калган шартта, төлөнбөй калган мезгил үчүн овердрафт боюнча пайыз чени өлчөмүндө туумдарды белгиленген тарифтерге ылайык чегерүүгө. Туум суммасы, кардардын карт эсебине же анын башка эсептерине акча каражаты келип түшкөн учурда, ал тууралуу кардарга алдын ала билдирүүсүз эле, ушул эрежелердин 85.9-пунктчасында каралгандай акцептсиз тартипте кармап калууга тийиш.

85.13. Төлөм карт ээси эсеп ачууга өтүнүч кат-анкета бергенден кийинки 3 (үч) айдан көбүрөөк убакыт дарядалган картты алуу үчүн Банкка келбей койгон болсо, келишим бир тараптуу негизде токтотулуп, карт жокко чыгарылат.

85.14. Төлөм карт ээсин тейлөө төмөнкү учурларда токтотулат:

- система менен иш алып барууда кандайдыр бир техникалык үзгүлтүктөр келип чыккан шартта, аларды ондоп жөнгө салганга чейин;
- программалык камсыздоо алмаштырылып, алдын алуу иштери жүргүзүлө турган болсо;
- жана башка күтүүсүз жагдайлар келип чыккан шартта.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

85.15. Төлөм карт ээси төлөгө жөндөмсүз абалда калган шартта Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарына ылайык, сотко доо арызы менен кайрылууга (карт боюнча карыз ордун толуктап алуу максатында).

85.16. Банктык продуктка жараша карт эсебинде акча каражатынын канча убакыт жайгашып туруусуна ылайык, ошол учурда колдонулуп жаткан пайыздык схема жана пайыздык чен боюнча каражат калдыгына өз ыңгайына жараша пайыздарды чегерүүгө.

86. **Банк төмөнкүлөргө милдеттүү:**

86.1. Ушул эрежелерге жана карт эсебин ачуу менен эл аралык картты чыгарып берүү келишимине ылайык карт эсебин жана картты тейлөөнү камсыз кылууга.

86.2. Ушул эрежелерге жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарына ылайык карт эсеби боюнча операцияларды жүргүзүүгө.

86.3. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарына ылайык тиешелүү төлөм документтери менен тастыкталган шартта, Банкка түшкөн акча каражаттарын кийинки банк күнүнөн кечиктибестен карт эсебине чегерип турууга.

86.4. Карт ээси же талаптагыдай тариздетилген ишеним кат берилген анын ыйгарым укуктуу адамы тиешелүү өтүнүч кат менен кайрылган шартта, талап кылынган мезгил аралыгында ишке ашырылган бардык карт операциялары чагылдырылган карт эсеби боюнча көчүрмө кагазга чыгарылып берилет.

86.5. Төлөм карт ээсинен картка бөгөт коюу/бөгөттөн чыгарууга тиешелүү өтүнүч келип түшкөн шартта, картты бөгөттөн чыгарууга/ бөгөт коюуга.

86.6. Техникалык овердрафт келип чыккандыгы тууралуу 10 (он) банк күнүнөн кечиктирбестен карт ээсине маалымдоо менен Банк алдындагы карыздын төлөнүшүн талап кылууга.

86.7. Кардардын өтүнүч катынын негизинде карт эсебин жаап, Банк алдындагы тиешелүү комиссиялык төлөмдөрдү/карыздарды кармап калгандан кийинки калган сумманы өтүнүч катта көрсөтүлгөн реквизиттерге ылайык которууга же болбосо ушул эрежелерде белгиленген мөөнөттө бардык өз ара эсептешүүлөрдү ишке ашыргандан кийин накталай акча менен берүүгө.

86.8. Банк алдында карызы жок болсо, азайтылбаган калдык суммасын эрежелердин 86.7-пунктуна ылайык карт жокко чыгарылгандан кийинки 30 (отуз) календардык күн ичинде карт ээсине кайтарып берүүгө.

## 11-ГЛАВА. ТӨЛӨМ КАРТ ЭЭЛЕРИНИН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

87. **Карт ээси төмөнкүлөргө укуктуу:**

87.1. Картты ушул эрежелерде белгиленген шарттарга ылайык колдонууга.

87.2. Карт эсебинде акча каражаттарынын калдык суммасынын чегинде Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, банктын ички ченемдик документтерине жана ушул эрежелерге каршы келбеген карт операцияларын ишке ашырууга.

87.3. Акча каражатын салуу, ошондой эле эмгек акыны, алиментти, автордук калем акыларды которуу жана башка эсептеринен ага акча которуу, башка акчалай түшүүлөрдү жана төлөөлөрдү чегерүү аркылуу карт эсебин толуктоого.

87.4. Жеке ПИН-кодду – өздүк кол тамганы тастыктаган анын аналогун колдонуу менен авторизациялоо лимити чегинде карт аркылуу акча каражатын тескөөгө алууга.

87.5. Өтүнүч каттын негизинде ушул эрежелердин шарттарына ылайык, картты тариздетүүгө жана/же жокко чыгарууга.

87.6. Эрежелерде жана келишим шарттарында каралган тартипте картка бөгөт койдуруу же андан чыгаруу өтүнүчү менен кайрылууга.

87.7. Төлөм карт ээси ишке ашырылган карт операциялары боюнча кине койгон шартта Банкка ал боюнча 30 (отуз) календардык күн ичинде талап коюуга. Талап коюлбаган шартта, ишке ашырылган операция тастыкталган катары эсептелинип, төлөм карт ээсинин кине коюусу кабыл алынбай калат.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

87.8. Эрежелердин 87.7-пунуктунда көрсөтүлгөн мөөнөттөргө ылайык өтүнүч кат берилген болсо жана Банк кошумча талап кылган маалыматтар 5 (беш) банк күнү ичинде сунушталган шартта, акча каражаттарын калыбына келтирип берүүгө. Кине коюулар боюнча талап кылыган маалыматтар берилбеген/толук берилбей калган/өз учурунда берилбеген шартта, Банк тарабынан аларды кароого алуу токтотулушу мүмкүн. Мында, кине коюу жагдайы Банктын пайдасына алгылыктуу чечилген шартта гана төлөм карт ээсинин карт эсебиндеги акча каражаттары калыбына келтирилип берилет.

87.9. Төлөм карты жоголуп калган, уурдалып кеткен жана/же андан санкциясыз пайдалануу учурлары катталган, карт жараксыз болуп калган, ПИН-кодун унутуп койгон же болбосо анын магниттик тилкесине доо кетирилген же карт реквизиттери өзгөрүлгөн шартта банктык төлөм картын кайра чыгарып берүү өтүнүчү менен кайрылууга.

87.10. Эрежелерде камтылган шарттарга ылайык система сунуштаган кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдаланууга.

87.11. Карт эсебин жабуу тууралуу өтүнүч катты берүү аркылуу келишимди токтотконго чейинки 30 (отуз) календардык күн мурда ал тууралуу кат жүзүндө маалымдоо менен келишимди токтотууга.

88. **Карт ээси төмөнкүлөргө милдеттүү:**

88.1. Карт эсебин ачып, картты чыгарып берүүсү үчүн Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында жана Банктын ички документтеринде каралган, бардык зарыл документтерди Банкка сунуштоого.

88.2. Келишимдин жана ушул эрежелердин шарттарын так сактоого, анын ичинде келишимдин тиешелүү шарттарынын сакталышын камсыз кылууга.

88.3. Эрежелерде каралган мөөнөттө орун алган карыз ордун жабууга.

88.4. Эрежелерде каралган шарттарга жана Банктын тарифтерине ылайык Банктын кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөп берүүгө. Карт операцияларын ишке ашырууда Банктын транзакциялар үчүн каралган комиссиялык төлөм суммасын эске алууга.

88.5. Азайтылбаган калдык суммасы төмөндөтүлгөн шартта (операцияларга төлөм карты аркылуу төлөө үчүн тиешелүү сумманы, банктын комиссиялык төлөмүн эсептеп алып коюуда жана Банк алдындагы карыз ордун жабууда ж.б.) Банктан билдирме алгандан кийинки 5 (беш) банк күнүнөн кечиктирбестен, азайтылбаган калдык суммасын калыбына келтирүү максатында тиешелүү акча каражатын карт эсебине чегерүүгө.

88.6. Төлөм карт ээси Банктын комиссиялык төлөм суммасын өз учурунда төлөбөгөн, азайтылбаган калдык суммасын ушул эрежелерде каралган шарттарга ылайык учурунда калыбына келтирилбеген, карт операцияларынын суммасынын орду толукталып берилбеген, негизги карт боюнча сыяктуу эле, карт эсебине туташтырылган кошумча карттар боюнча Банк алдындагы башка карыздар төлөнбөй калган шартта, ошолордон улам чегерилген туумдарды төлөм берүүгө. Туумдар Банктын белгиленген тарифтерине ылайык, овердрафт боюнча пайыз чени өлчөмүндө төлөнбөй калган бүтүндөй убакыт аралыгына чегерилет.

88.7. ПИН-кодду терүү же төлөм карт ээсинин кол тамгасы менен тастыкталган карт аркылуу ишке ашырылган операциялар боюнча бардык чыгашаларды (сарптоолорду) толук көлөмдө төлөп берүүгө.

88.8. Келишимдин жана ушул эрежелерин шарттарына ылайык карт эсеби боюнча чыгарылган бардык карттарды пайдалангандыгы үчүн Банк алдында толук жоопкерчилик тартууга.

88.9. Карт эсебин акча каражаттарынын сакталышы же аларды топтоо, карт боюнча акча каражаттарынын жана транзакциялардын жылышына көз салып туруу үчүн пайдаланууга.

88.10. Карттты жоготуп алган же уурдатып жиберген же андан санкциясыз пайдаланууга жол берилген шартта Банкка оозэки же кат жүзүндө кайрылып, ушул эрежелерде жана келишимде каралган тартипте картка бөгөт коюлушун талап кылууга.

88.11. Картка бөгөт коюлгандан кийинки 5 (беш) банк күнүнөн кечиктирбестен аны стоп-баракчага киргизүү менен Банктын колдонуудагы тарифтерине ылайык картка бөгөт коюу боюнча чыгаша ордун толуктап берүүгө.

88.12. Түзүлгөн келишим токтотулган шартта, анын талабына жана ушул эрежелердин шарттарына ылайык карт эсеби боюнча чыгарылып берилген картты/карттарды тараптардын биринен келишимди токтото тургандыгы тууралуу кат жүзүндөгү билдирмени алгандан кийинки 5 (беш) банк күнү ичинде Банкка өткөрүп берүүгө.
88.13. Банктын тиешелүү кат жүзүндөгү билдирмесин алган учурда карт/карттар боюнча операцияларды ишке ашырууну токтотууга жана ушул эрежелерге ылайык карт эсеби боюнча чыгарылган картты/карттарды 5 (беш) банк күнү ичинде кайтарып берүүгө.
88.14. Техникалык овердрафтка жол бербөөгө жана карт эсебинин абалын мезгил-мезгили менен контролдоп турууга.
88.15. Картты үчүнчү жакка бербөөгө. Үчүнчү жактын картты колдонушуна жол берилбейт. Бул талаптардын сакталбашы Банк тарабынан карттын алынып коюлушуна жана келишимди бир тараптуу негизде токтотулушуна жана ушул жагдайларга байланыштуу келип чыккан чыгымдарды (чыгашаларды) карт ээси төлөп берүүгө мажбур болушуна алып келет.
88.16. Карттын колдонуу мөөнөтү бүткөнгө чейинки 10 (он) банк күнү мурда картты жаңы мөөнөткө кайра чыгарып берүү өтүнүчү менен Банкка кайрылууга. Төлөм карт ээси картты кайра чыгарып берүү өтүнүчү менен кайрылбаган шартта, карт мөөнөтү бүткөндөн кийин ал дароо жокко чыгарылат. Ал эми жаңы карт кардардын кайрадан берген өтүнүчү боюнча гана чыгарылып берилет.
88.17. Төмөнкү учурларда операциялар реестрине ылайык карт аркылуу ишке ашырылган операцияларга 30 (отуз) күн ичинде төлөп берүүгө:

- карт банктын демилгеси боюнча жокко чыгарылгандыгы тууралуу карт ээси билдирме алган шартта, билдирме алган күндөн тартып;
- төлөм карт ээсинин тиешелүү өтүнүч катынын негизинде, аны стоп-баракчага киргизүүсүз эле, Банк тарабынан картка бөгөт коюлган учурда.
- карт эсебин ачуу жана төлөм картын чыгаруу тууралуу келишимде каралган башка учурларда.

88.18. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана карт эсебин ачуу менен эл аралык карттарды чыгаруу келишимине, Банктын ички жол-жоболоруна ылайык талап кылынган кандай болбосун маалыматтарды, ошондой эле кардардын ишмердүүлүгүнө, ал ишке ашырган операцияларга тиешелүү документтерди 5 (беш) күн ичинде сунуштоого.
88.19. Төлөм карт ээсинин күнөөсү боюнча же карттын жоголуп, уурдалып кетишине байланыштуу ага бөгөт коюлушуна же жокко чыгарылышынан улам Банкка келтирилген бардык чыгашаларды, соттук чыгымдарды төлөм берүүгө.
88.20. Реквизиттеринин (жашап турган жери, телефон номерлери, электрондук почта дареги, факс номери) өзгөргөндүгү тууралуу 5 (беш) банк күнүнөн кечиктирбестен кат жүзүндө Банкка маалымдоого. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында жана/же карт эсебин ачуу менен төлөм картын чыгаруу келишиминде каралган башка милдеттерди жана шарттарды аткарууга.

## 12-ГЛАВА. ТЕХНИКАЛЫК ОВЕРДРАФТ

89. Техникалык овердрафт келип чыккан шартта, төлөм карт ээси Банктын тарифтеринде каралган комиссиялык төлөмдү эске алуу менен ушул эрежелерде, түзүлгөн келишимдерге каралган мөөнөттө техникалык овердрафт суммасын Банкка толук төлөп берүүгө милдеттүү;
90. Карт эсебине келип түшкөн акча каражаттары Банк тарабынан төмөндө көрсөтүлгөн тартипте ошол күнгө карата орун алган карыздын жалпы суммасын жабууга багытталат:
   - техникалык овердрафт үчүн комиссиялык төлөм;
   - техникалык овердрафт;
91. Техникалык овердрафт ал боюнча билдирме алгандан кийинки 5 (беш) банк күнү ичинде төлөнбөсө, карыз орду азайтылбаган калдыктын эсебинен жабылууга тийиш. Техникалык

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

овердрафтты төлөө үчүн азайтылбаган калдыктагы акча каражаты жетишсиз болуп ка[illegible] шартта, карыздын калган суммасы ушул эрежелердин 85,9-пунктуна ылайык эсептелинип алынып салынат.

## 13-ГЛАВА. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

92. Карт эсеби боюнча Банктын күнөөсү боюнча жаңылыш ишке ашырылган операциялар үчүн ал өзү жооп берүүгө тийиш. Мындай учурда Банктын жоопкерчилиги жаңылыш ишке ашырылган операцияны жокко чыгаруу аркылуу чектелет.
93. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган учурларды эске албаганда, ишке ашырган операциялар боюнча купуялуулуктун сакталышы үчүн төлөм карт ээси толук жоопкерчиликтүү болуп саналат.
94. Банк төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналбайт:

- үчүнчү тараптын картты тейлөөдөн баш тарткандыгы үчүн;
- карт аркылуу сатылып алынган товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр сапаты үчүн;
- үчүнчү тарап белгилеген жана төлөм карт ээсинин кызыкчылыгына доо кетириши мүмкүн болгон карт боюнча лимиттердин, чектөөлөрдүн жана кошумча сыйакынын белгилениши үчүн;
- карт ээсинин уурдалып кеткен картка бөгөт койдуруу/стоп-баракчага киргизүү талабы менен өз учурунда Банкка кайрылбагандыгы үчүн;
- Банктан көз каранды болбогон себептер боюнча карт аркылулу ишке ашырылган операциялар боюнча маалыматтарды кабыл алуу, иштеп чыгуу жана жөнөтүү ишин камсыз кылган системада келип чыккан үзгүлтүктөр үчүн;
- төлөм карт ээси менен кошумча карт ээсинин ортосунда келип чыккан талаш маселелердин, пикир келишпестиктердин жөнгө салынышы үчүн;
- төлөм карт ээси тарабынан ушул эрежелердин шарттарын, ошондой эле андан улам келип чыккан эрежелерди жана милдеттенмелерди бузууга жол берүү кесепетинен келип чыккан чыгымдар үчүн;
- төлөм карт ээсине байланыш каналдары, анын ичинде SMS, e-mail, факс ж.б. аркылуу жөнөтүлгөн маалыматтардын купуялуулугунун сакталышы үчүн;
- акча каражатына арест коюулуп же болбосо ыйгарым укуктуу органдардын жана тиешелүү кызмат адамдарынын Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарына ылайык тариздетилген документтеринин негизинде карт эсеби боюнча транзакцияларды ишке ашыруу мүмкүн болбогон жагдайлар үчүн;
- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарында, эл аралык төлөм картын чыгаруу менен карт эсебин ачуу боюнча келишимде каралган башка учурларда.

95. Карт ээси төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналат:

- жоголуп/уурдалып кеткен картка бөгөт коюу талабы менен Банкка өз учурунда кайрылбагандыгы үчүн;
- карт эсебине жаңылыш чегерилген акча каражатын Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана ушул эрежелерге ылайык Банкка кайтарап бербегендиги үчүн;
- картты кимдир бирөөгө берип койгондугу же ыйгарым укуксуз адамдардын андан пайдалангандыгы, ошондой эле карт эсебин тескөөгө алып, карт боюнча транзакцияларды ишке ашырууга өбөлгө түзгөн маалыматтардын (ПИН-код, код катары белгиленген сөз, ж.б.) ачыкка чыгарылышы үчүн;
- төлөм карт ээси тарабынан карт эсеби боюнча ишке ашырлган операциялар үчүн;
- келишим шарттарын жана ушул эрежелердин талаптарын так сактабагандыгы үчүн Банкка келтирилген чыгым ордунун толук көлөмдө толукталып берилиши үчүн;

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

– эрежелердин шарттарына ылайык сунушталган маалыматтардын толуктугу жана тактыгы үчүн. Кардар/төлөм карт ээси маалымат алуу/сунуштоо келишиминде камтылган маалыматтарга кандай болбосун өзгөртүүлөрдүн киргизилгендиги тууралуу Банкка дароо маалымдоого милдеттенет. Кардар такталбаган же толук эмес маалыматтарды берген, ошондой эле талап кылынган маалыматтарды өз учурунда бере албай калгандыгы үчүн келип чыккан чыгым ордун Банкка толук төлөп берүүгө тийиш;
– төлөм карт ээсинин күнөөсү боюнча Банк дуушар болгон бардык чыгашаларды, соттук чыгымдарды толук көлөмдө толуктап берүүгө;
– ушул эрежелерде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, эл аралык картты чыгаруу менен карт эсебин ачуу келишиминде каралган башка учурларда.

96. Тараптар, өрттүн чыгышы, суу ташкыны, жердин силкиниши, техникалардын иштен чыгышы, программаалык камсыздоолордун, электр энергиясы менен жабдуу, маалымат берүү системаларынын үзгүлтүккө учурашы, ошондой эле тараптардын контролдугуна алынбаган башка жагдайлардын кесепетинен, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, Кыргыз Республикасынын башка ыйгарым укуктуу органдары тарабынан тараптарга/же алардын бирине карата кандайдыр бир чечимдердин, токтомдордун, буйруулардын, аныктамалардын кабыл алынышынан улам алар ушул эрежелерде камтылган милдеттенмелерди толугу менен же алардын бөлүгүн аткара албай калуу жоопкерчилигинен бошотулат жана ошол кесепеттүү жагдайлардын таасирин басаңдатуу аркылуу эрежелерде камтылган милдеттенмелерди аткарууга болгон мүмкүнчүлүгүн, күч-аракетин жумшоого тийиш.
97. Эрежеелердин 96-пунктунда чагылдырылган жагдайлар келип чыккан шартта, анын кесепетине дуушар болгон тарап тиешелүү компетенттүү органдар тарабынан берилген тастыктоочу документтерди кошо тиркөө менен экинчи тарапка ал тууралуу 10 (он) календардык күн ичинде маалымдоого милдеттүү.

## 14-ГЛАВА. КОШУМЧА ШАРТТАР

98. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына өзгөртүүлөр киргизилген шартта, ушул эрежелердин мыйзамдарга каршы келбеген бөлүктөрү колдонулат, ал эми эрежелердин шарттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келе турган болсо, алар колдонуудан калып, Кыргыз Республикасынын мыйзам нормалары колдонулат.
99. Системанын эрежелерине өзгөртүүлөр киргизилген учурда тараптар, эрежелердин талаптары аткарылган шартта гана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген бөлүгүнө сунушталган өзгөртүүлөрдү эске алуу менен Системанын эрежелеринин нормаларын колдонууга макулдашышты.
100. Тараптар картты, ПИН-кодду же болбосо эсептен пайдаланууга мүмкүнчүлүк ачкан башка каражаттарды колдонуу менен ишке ашырлган операцияларды, төлөм карт ээси ишке ашырган операция катары таанууга макулдашышты.
101. Карт ээси картка бөгөт койдуруу ниетинде Банкка оозэки кайрылган шартта аны менен Банк ортосунда телефон аркылуу сүйлөшүүлөрдүн жаздырылып алынышына карт ээси макулдугун билдирет. Банк менен карт ээсинин телефон аркылуу сүйлөшүүлөрү картка бөгөт коюу талабы менен карт ээсинин оозэки кайрылгандыгынын тастыктамасынан болуп саналат.

## 15-ГЛАВА. ТАЛАШ МАСЕЛЕЛЕРДИ ЖӨНГӨ САЛУУ

102. Карт аркылуу ишке ашырылган операциялар боюнча чыгымдалган акча каражатынын эсебин жүргүзүү жана келип чыгышы ыктымал болгон талаш маселелерди жөнгө салуу максатында чектерди сактап коюу шарты карт ээсине сунушталат.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

103. Төлөм карт ээси карт операциялары боюнча акча каражатынын туура кармалып калгандыгын тастыктаган документтерди Банктан талап кылууга укуктуу.

104. Төлөм карт ээси кат жүзүндө талап коюп Банкка кайрылууга тийиш, анткени ал кандайдыр бир кине коюу келип чыккан шартта, төлөм карт ээсинин атынан MasterCard Incorporated эл аралык төлөм системасынын алдында жооп берет.

105. Карт операциясы боюнча талаш маселе операция ишке ашырылгандан кийинки 30 күн ичинде кароого алынууга тийиш. Кине коюу ишенимдүү негизделген шартта Банк төлөм карт ээсинин эсебине операция суммасын толуктап берет.

## 16-ГЛАВА. КИНЕ КОЮУ ТАРТИБИ

106. Банк банкоматында карт кармалып калган учурда кардар аты-жөнүн, инсандыгын тастыкаган документти, аны менен байланыштыруучу маалыматтарды, банкомат жайгашкан жерди, карт кайсыл учурда кармалып калгандыгын, убактысын так көрсөтүп, кол коюп аларды тастыктаган өтүнүч кат менен Банктын кайсыл болбосун филиалына/аманат кассасына кайрылууга милдеттүү. Өтүнүч кат 10 (он) банк күнү ичинде кароого алынууга тийиш.

107. Карт башка банктын банкоматында кармалып калган учурда, кардар аты-жөнүн, инсандыгын тастыкаган документти, аны менен байланыштыруучу маалыматтарды, банкомат жайгашкан жерди, карт кайсыл учурда кармалып калгандыгын, убактысын так көрсөтүп, өз кол тамасын коюп тастыктаган өтүнүч кат менен тиешелүү Банктын кайсыл болбосун филиалына/аманат кассасына кайрылууга милдеттүү. Өтүнүч кат кардардын ким экендигин тастыктаган документти көрсөтүү менен күбөлөндүрүлөт. Кардардын өтүнүч катынын негизинде Банк карт кармалып калган Банк-эквайерге кайрылат. Талап катты аткаруу мөөнөтү Банк-эквайер тарабынан аныкталат.

108. Банктын банкоматынан акча каражаты берилбей калган учурда кардар аты-жөнүн, инсандыгын тастыкаган документти, аны менен байланыштыруучу маалыматтарды, банкомат жайгашкан жерди, карт кайсыл учурда кармалып калгандыгын, убактысы так көрсөтүлгөн, кол тамасын коюп тастыктаган өтүнүч кат менен Банктын кайсыл болбосун филиалына/аманат кассасына кайрылууга тийиш. Өтүнүч кат кардардын ким экендигин тастыктаган документти көрсөтүү жана ага кардар өз кол тамгасын коюусу аркылуу күбөлөндүрүлөт. Өтүнүч катка эгерде бар болсо, банкоматтан чыгарылып берилген, нак акча каражаты берилбей калгандыгы тууралуу билдирүү чагылдырылган чекти кошо тиркөө талап кылынат. Келип түшкөн мындай өтүнүч кат 10 (он) банк күнү ичинде кароого алынышы зарыл.

109. Башка банктын банкоматынан акча каражаты берилбей калган шартта кардар аты-жөнүн, инсандыгын тастыкаган документти, аны менен байланыштыруучу маалыматтарды, банкомат жайгашкан жерди, карт кайсыл учурда кармалып калгандыгын, убактысы так көрсөтүлгөн, кол тамасын коюп тастыктаган өтүнүч кат менен Банктын кайсыл болбосун филиалына/аманат кассасына кайрылууга тийиш. Өтүнүч катка эгерде бар болсо, Банк-эквайердин банкоматынан чыгарылып берилген, нак акча каражаты берилбей калгандыгы тууралуу билдирүү чагылдырылган чекти кошо тиркөө талап кылынат. Кардардын өтүнүч катынын негизинде Банк банкоматтан берилбей калган акча караажатын кайтарып берүү мүмкүнчүгүн караштыруу өтүнүчү менен Банк-эквайерге кайрылууга тийиш. Аткаруу мөөнөтү Банк-эквайер тарабын өз алдынча аныкталат.

**Бул эрежелер эл аралык төлөм картын чыгаруу менен карт эсебин ачуу келишиминин ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана анын талаптары төлөм карт ээси тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.**